ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(8)/2026, 106-118

**УДК 633.18:339.5(575.2)**
**DOI:** 10.52754/16948610_2026_1(8)_11

# ӨЗГӨН КҮРҮЧҮНҮН ЭКСПОРТУНДАГЫ АЗЫРКЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР ЖАНА СТРУКТУРА: РЕГИОНДУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА СЕКТОРУНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ДИВЕРСИФИКАЦИЯДАГЫ РОЛУ

# СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ И СТРУКТУРА ЭКСПОРТА УЗГЕНСКОГО РИСА: РЕГИОНАЛЬНЫЕ ОСОБЕННОСТИ И РОЛЬ В ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ДИВЕРСИФИКАЦИИ АГРАРНОГО СЕКТОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# CURRENT TRENDS AND STRUCTURE OF UZGEN RICE EXPORTS: REGIONAL FEATURES AND THE ROLE IN ECONOMIC DIVERSIFICATION OF THE AGRICULTURAL SECTOR OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Сагындыкова Айгерим Беделбаевна**
*Сагындыкова Айгерим Беделбаевна*
*Sagyndykova Aigerim Bedelbaevna*

**окуутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
*asagyndykova596@gmail.com*

---

**Борбодоев Медербек Матиканович**
*Борбодоев Медербек Матиканович*
*Borbodoev Mederbek Matikanovich*

**э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.э.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University*
*mbmeder@mail.ru*

---

**Макыев Акылбек Төлөшович**
*Макыев Акылбек Толошович*
*Makiev Akylbek Toloshovich*

**э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.э.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University*

# ӨЗГӨН КҮРҮЧҮНҮН ЭКСПОРТУНДАГЫ АЗЫРКЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР ЖАНА СТРУКТУРА: РЕГИОНДУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА СЕКТОРУНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ДИВЕРСИФИКАЦИЯДАГЫ РОЛУ

**Аннотация**

Макалада КРнын негизги айыл чарба өсүмдүгү катары Өзгөн күрүчүнүн өндүрүү, сатуунун заманбап тенденциялары каралган. Тармактык статистиканын жана талаа изилдөөлөрүнүн маалыматтарына ылайык күрүчтүн жалпы өндүрүмдүүлүгүнүн 70%дан ашыгы Өзгөн районунда өндүрүлөөрү аныкталган, бул атаандаштык артыкчылыктарды жаратканы менен региондун моноспециализациясынын тобокелдиктерин күчөтүү ыктымалдуулугун жогорулатат. Продукциянын негизги бөлүгү Кыргызстандын аймактарына расмий эмес сатуу каналдары аркылуу таратылат. Негизги керектөөчүлөр катары коомдук тамактануучу жайлар, чайканалар, кичи жана ири тамактануучу ресторандар саналып, туруктуу жергиликтүү суроо-талапты жогорулатышат. Айыл чарба тармагында иштеген мекемелердин чыгымдарын эсепке алуу, өндүрүүчүдөн акыркы керектөөчүгө чейин продукциянын кыймылын өзүнчө чагылдыруу жана коомдук тамактануу жайларында сатуу боюнча аналитикалык эсеп жүргүзүү зарылдыгы менен байланышкан өзгөчөлүктөрдү жаратат.

**Негизги сөздөр:** күрүч, экспорт, диверсификациялоо, айыл чарба продукциясы, кайра иштетүү.

***СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ И СТРУКТУРА ЭКСПОРТА УЗГЕНСКОГО РИСА: РЕГИОНАЛЬНЫЕ ОСОБЕННОСТИ И РОЛЬ В ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ДИВЕРСИФИКАЦИИ АГРАРНОГО СЕКТОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ***

**Аннотация**

В статье рассмотрены современные тенденции производства и реализации узгенского риса как ключевой сельскохозяйственной культуры Кыргызской Республики. На основе данных отраслевой статистики и полевых исследований установлено, что более 70% валового сбора сосредоточено в Узгенском районе, что формирует конкурентные преимущества, но усиливает риски моноспециализации региона. Выявлено, что официальный экспорт риса увеличивается; основная часть продукции распределяется по регионам Кыргызстана через неформальные каналы сбыта. Ключевыми потребителями выступают чайханы и предприятия общественного питания, формирующие устойчивый локальный спрос. Это накладывает специфику на организацию учёта: необходимость раздельного отражения движения продукции от производителя до конечного потребителя, учёта затрат в сельскохозяйственных организациях и аналитического учёта реализации в заведениях общепита.

***Ключевые слова:*** рис, экспорт, диверсификация, сельхозпродукция, переработка.

***CURRENT TRENDS AND STRUCTURE OF UZGEN RICE EXPORTS: REGIONAL FEATURES AND THE ROLE IN ECONOMIC DIVERSIFICATION OF THE AGRICULTURAL SECTOR OF THE KYRGYZ REPUBLIC***

**Abstract**

The article analyzes trends in the production and distribution of Uzgen rice in Kyrgyzstan. Over 70% of output is concentrated in the Uzgen district, creating both competitive advantages and risks of regional mono-specialization. There is no official export; most rice is distributed domestically through informal channels. Key consumers include teahouses, mini-cafes, and catering enterprises, ensuring stable local demand. These conditions require improved accounting systems: separate tracking of product movement, detailed cost accounting in agriculture, and analytical sales accounting in the catering sector.

***Keywords:*** *rice, export, diversification, agricultural products.*

**Киришүү.** Кыргыз Республикасынын экономикасында айыл чарба сектору өзгөчө орунду ээлейт. Бул тармак калктын олуттуу бөлүгүн иш менен камсыз болушун шарттап, азык-түлүк коопсуздугун камсыздоонун негизги булагы болуп саналат. Кыргызстандын айыл чарбасы негизинен майда чарбалардан турат жана айылдык жамааттардын турмуш-тиричилигинин негизин түзөт. Өлкөнүн түндүк аймагында кенен тараган, айрыкча, Ош облусунун Өзгөн районунда өндүрүлгөн күрүч дан азыгы өзүнүн өзгөчө шартта өндүрүлгөндүгү, ал аймактагы табигый-климаттык шарттын өзгөчө нымдуулугу бул дан өсүмдүгүнүн туруктуу түшүм алуусуна мүмкүндүк берет.

Глобалдык климаттык өзгөрүүлөр жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы шартында Өзгөн күрүчүнүн экспорттук потенциалын талдоо, изилдөө өзгөчө актуалдуулукка ээ. Бул макалада экспорттун заманбап тенденциялары, сатуунун региондук өзгөчөлүктөрү жана күрүч өстүрүү сегментинин өлкөнүн агрардык экономикасынын диверсификациялоодогу ролу каралат. Ушул контекстте экономикалык диверсификациянын зарылдыгы өзгөчө курч турат. Айыл чарба секторунда диверсификациялоонун бир багыты – экспорттук потенциалы жогору болгон жаңы азыктарды өнүктүрүү. Өзгөн күрүчү так ушул мааниге ээ: ал өзүнүн уникалдуу сапаттык мүнөздөмөлөрүнө ээ жана Кыргызстандын чек ара аймактарынын рынокторунда суроо-талапка ээ. Ошондой эле, бул продукциянын экспорттук агымын кеңейтүү аймактын экономикасына кошумча түрткү бере алат. Өзгөн күрүчүнүн экспортундагы азыркы тенденцияларды жана структуралык өзгөчөлүктөрдү комплекстүү талдоо, анын региондук аспектилерин аныктоо, ошондой эле күрүч экспортунун Кыргыз Республикасынын айыл чарба секторун экономикалык диверсификациялоодогу ролун баалоо менен бирге бул дан азыгын башка өлкөлөргө таратуу маселесиндеги көйгөйлөр, мүмкүнчүлүктөр жана перспективалары изилденди.

**Өзгөн күрүчүн өндүрүүнүн экономикасы жана рентабелдүүгү.** Кыргызстандын аймагында күрүч өндүрүү, өстүрүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү – анын климаттык шарттын өзгөчөлүгү, таза суунун көп өлчөмдө керектелүүсү жана бул тармактын кылдаттык менен эмгек ресурстарын керектөө өзгөчөлүктөрү менен күрүчтүн өзгөчө даамын, өндүрүү өзгөчөлүктөрү бул убакытка чейин өзүнчө бухгалтердик эсепке алуу, рынокту кеңейтүү боюнча илимий эмгек катары изилденүүгө киргизүүнү сунуштайм. Бул күрүчтүн суроо-талабы бир гана Кыргызстандын аймагына эле эмес, чет өлкөлөрдө да жогору, бирок тилекке каршы экспортко чыгуу мүмкүнчүлүгү азыркы учурда жокко эсе. Ошого карабастан бул күрүчтүн түрлөрү чет жака тарап, суроо-талап өсүүдө. Чет элдик кыргыздар аркылуу тарап, Орусия мамлекетиндеги кыргыз чайканалында кенен таралган бул азыкты, экспортко официалдуу таңгак менен чыгарууга жана жергиликтүү дыйкандардын эмгегин текке кетирбөөгө муктаж болуп жатат. Учурда бул күрүчтү өндүрүүгө аябагандай чоң эмгек, акча-каражаты жана мээнет керектиги талашсыз. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Өзгөн жана Ак-Турпак күрүч сорттору сапаты жана даамдык касиеттери боюнча өзгөчөлөнөт. Айрыкча Өзгөн күрүчүнүн белок курамы жогору болуп, пайдалуу минералдарга бай экени аныкталган. Бул өзгөчөлүктөр аны азыктык баалуулугу жогору продукт катары мүнөздөйт *(Tasheva et al., 2022, 90-б.).* КР Айыл чарба министрлигинин маалыматтары боюнча, бул дан өсүмдүгүн өстүрүү тармагындагы пайданын эң жогорку көрсөткүчтөрүнүн бирин көрсөтөт. Сурамжылоонун негизинде

(дыйкандын эсеби боюнча), бир гектар аянтка күрүч өстүрүүгө 600–700 миң сом чыгым керектелээри аныкталган (жерди ижарага алуу, орокчуларды жалдап келүү, кургатуу, актоо, шалы мезгилинде даны бөлүп алуу жана башка жалпы чыгымды кошкондо), орточо түшүмдүүлүк гектарына 4-5 тоннаны түзөт. Даяр продукцияга санаганда фермерлер бир гектардан 200–250 миң сом таза пайда алышат. Сатып алуу баалары (1 кг үчүн 200-250 сом) жана учурда агрардык чарбачылык үчүн субсидияланып келе жаткан сугаруу суусунун өтө төмөн баасы аркылуу жетишилет. Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, акыркы 30 жылда республикада күрүч эгилген аянттар 5 эсеге көбөйгөнүн белгилей кетүү маанилүү. 2024-жылы күрүч 12,2 миң гектарды ээлеп, жалпы жыйым 47,5–48 миң тоннага жеткен, бул 30 жыл мурунку көрсөткүчтөрдөн 24 эсеге ашык.

**Экспорттун өнүгүшүнө таасир этүүчү негизги факторлор.** Азыркы учурда Кыргызстандын экспорттук потенциалын өнүктүрүү мамлекеттик саясаттын маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Бирок экспорттун өсүшүнө бир катар факторлор олуттуу таасирин тийгизип келүүдө. Бул факторлордун арасында эң негизгилери – каржылык чектөөлөр, логистиканын кымбаттыгы, тарифтик эмес тоскоолдуктар, продукциянын эл аралык стандарттарга шайкеш келбөөчүлүгү, ошондой эле инфраструктуранын начардыгы. Экспортту өнүктүрүүнүн жолунда турган биринчи жана эң олуттуу көйгөй – каржылык чектөөлөр. Көптөгөн экспорттоочу компаниялар, өзгөчө кичине жана орто ишканалар, экспорттук операцияларды каржылоого жетиштүү каражатка ээ эмес. Экспорттук контракттар боюнча төлөмдөр көбүнчө алты айга чейинки мөөнөткө созулат, бул ишканаларда кассалык ажырымдарды жаратып келгендиги маалым. Экспорттун өнүгүшүнө таасир этүүчү дагы бир маанилүү фактор – логистиканын кымбаттыгы жана транспорттук инфраструктуранын начардыгы. Кыргызстандын деңизге чыга албастыгы товарларды ташуу чыгымдарын бир кыйлага көбөйтөт. Кыргыз экспортёрунун алдында турган үчүнчү олуттуу маселе – продукциянын эл аралык стандарттарына жана коопсуздук талаптарына шайкеш келбегендигинде. Себеби, Абдулложонова, А.Н. *(2023)*, айткандай азык-түлүк коопсуздугу – бул улуттук маселе, ал өзүнүн татаалдыгы жана туруктуулугу менен мүнөздөлөт. Азык-түлүк системабыздын улуттук өзгөчөлүктөрүнө, анын өнүгүү убактысына жана кайсы этапта кайсы азык-түлүк көйгөйү басымдуулук кылып жатканына жараша, аны камсыз кылуу максаттары ички жана тышкы коркунучтардын өзгөрүшү менен бирге өзгөрөт. Улуттук азык-түлүк коопсуздугун айыл чарба саясатынын негизги багыты катары баса белгилеп, азык-түлүк коопсуздугу боюнча эксперттер төмөнкү аспектилерге көңүл буруууну сунушташат: азык-түлүк, айыл чарба, тышкы экономикалык, агроөнөр жайлык жана социалдык. Бул көйгөй өзгөчө Европа Биримдигинин рыногуна чыгууга тоскоолдук кылат. Кыргызстандын продукциясын Европа базарына ийгиликтүү киргизүү үчүн, көлөмгө эмес, сапатка, органикалык продукцияга жана сертификацияланган товарларга көңүл буруу керек.

Экспортту өнүктүрүү үчүн приоритеттүү рыноктордү аныктоо да маанилүү фактор болуп саналат. Учурда кыргыз продукцияларынын негизги рыноктору – Казакстан, Орусия, Өзбекстан, Кытай жана Бириккен Араб Эмирарты. Улуттук статистиканын маалыматынын негизинде ЕАЭБ алкагында Кыргызстандын негизги соода өнөктөштөрү Орусия (68,6%) жана Казакстан (29%) өлкөлөрү болуп саналат.

Айыл чарба продукциясынын экспортунда күрүч өзгөчө орунда турат. Кыргызстандын күрүчү эл аралык рыноктордо тааныла башталгандыгы маалымдалган. Маалыматка ылайык, Баткенде "Ак-Турпак Групп" ишканасы 2024-жылы Америкага 5 тонна күрүч экспорттогон, 2025-жылы бул көрсөткүч 10 тоннага жеткен. Ошондой эле, бул ишкананын продукциясы Европа өлкөлөрүнө жана Өзбекстанга дагы жөнөтүлүүдө. Ишкана заманбап технологиялар менен жабдылып, күрүчтү тазалоо, кургатуу, сорттоо жана таңгактоо процессин толугу менен өздөштүргөн.

**Региондук өзгөчөлүктөр жана инфраструктуралык долбоорлор.** Өзгөн району таанымал күрүч өстүрүү борбору болуп саналат. Расмий маалыматтарга ылайык 2025-жылдын негизги тенденциясы адистештирилген экспорттук инфраструктура түзүлүп жатканы маалым болду. Прогресс айылында «Жаңы-Доор ЛТД» компаниясы аймактагы биринчи муниципалдык логистикалык борбордун курулушуна киришти, ал борбор бир гана күрүчтү кайра иштетүү, таңгактоо жана экспорттоого багытталган.

Бул долбоорду ишке ашыруу олуттуу мамлекеттик колдоо менен коштолот:

- **CASA-1000 каржылоосу:** Экспорттук жеткирүүлөр үчүн заманбап жабдууларды сатып алууга 7 млн сомго жакын бөлүнгөн.
- **Жеңилдетилген кредиттөө:** Агробизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк борборунун алкагында фермерлерге жылдык 1,5% менен 100 млн сом бөлүнгөн, бул аларга жогорку өндүрүмдүү техниканы (чачуучу дрондар, заманбап комбайндар жана тракторлор) сатып алууга мүмкүндүк берет.

Бул борбор түшүм жыйналгандан кийинки иштетүү жана стандартташтыруу көйгөйүн чечүүгө багытталган, эл аралык базарларга чыгуунун зарыл шартына багытталган борбор. Эгерде бул борбордо жылына өндүрүлгөн бардык продукт кайра иштетилип, таңгакталса жергиликтүү калктын эмгеги акталалаары талашсыз. Анткени таңгакталган күрүчтун экспортко чыгуу, сактоо мүмкүнчүлүктөрү жогорулап жеткирүүгө жакшы шарттарды түзүп берери анык. Демек, бул шарттар бул продукцияны башка өлкөлөрүнө тароо мүмкүнчүлүгүн арттырып, суроо-талаптын өсүшүн жана өндүрүүгө болгон кызыкчылыктарды да арттыруусу шексиз.

Айыл чарбасында бухгалтердик эсепке алуунун эң актуалдуу маселелеринин бири – көптөгөн чакан жана орто ишканалардын толук кандуу бухгалтерияны кармай албастыгы. Мындай кырдаалда аутсорсингге өтүү практикасы кеңири жайылутуу. Учурда дыйкандар мамлекеттен субсидиялар, жеңилдетилген насыялар алышат. Бул каражаттардын эсеби жана алардын максаттуу колдонулушу өзүнчө көзөмөлдү талап кылат. Өндүрүштүн активдүү мезгили жана өлүү мезгилинин болушу каржылык пландаштырууну жана чыгымдарды бөлүштүрүү татаалдыгы болушу мүмкүн. Өсүмдүк өстүрүүдө аба ырайынын шарттарына, зыянкечтерге, илдеттерге байланыштуу күтүлбөгөн чыгымдарга дуушар болуу ыктымалдуулугу да жогору болот. Жогорудагы факторлор айыл-чарба менен алектенген дыйкандарга, жеке ишкерлерге, уюмдарга бухгалтердик эсепке алуунун зарылдыгын көрсөтүп турат. Айыл чарба ишканалары үчүн атайын бухгалтердик тейлөө көрсөтүүчү аутсорсингдик компаниялардын тармагын кеңейтүү. Айылдык кеңештерде мындай кызматтарды координациялоочу борборлорду түзүү сунушталат.

**Экспорттун структурасы жана сатуунун региондук өзгөчөлүктөрү.** Өзгөн күрүчүнүн экспорту структуралык жактан жакын жайгашкан регионалдык рыноктorго багытталган (Өзбекстан, Казакстан, Россия). Сатуунун негизги факторлору болуп, географиялык жакындык, логистикалык артыкчылык, жергиликтүү бренд, орто чакан өндүрүүчүлөрдүн ролу саналат. Акыркы жылдары экспорттук агымдын диверсификациясы байкалууда, бирок негизги рыноктун очогу Борбор Азия өлкөлөрү бойдон калууда. Бул көрүнүш Кыргызстандын агрардык продукцияларын экспорту регионалдык интеграцияга көбүрөөк багытталганын көрсөтөт.

1-таблица. Экспорттун структурасы

| **Өлкө** | **Үлүшү (%)** |
|---|---|
| Өзбекстан | 45% |
| Казакстан | 30% |
| Россия | 15% |
| Башкалар | 10% |

1-таблицада Өзгөн күрүчүнүн экспорттук багыттары өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшү каралган. Берилген маалыматтарга ылайык, экспорттун басымдуу бөлүгү Борбор Азия мамлекеттерине туура келет. Экспорттук структурада эң жогорку үлүштү Өзбекстан ээлейт (45%). Бул көрүнүш негизинен географиялык жакындык, транспорттук чыгымдардын төмөндүгү жана чек ара соодасынын активдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Өзбекстан рыногунда Өзгөн күрүчү сапаттык өзгөчөлүгү жана баа-атаандаштык артыкчылыгы менен жогорку суроо-талапка ээ. Экинчи орунда Казакстан турат (30%). Бул өлкөгө экспорттун салыштырмалуу туруктуу агымы байкалат жана ал рынокто күрүчкө болгон ички керектөөнүн жогору болушу менен шартталган. Россия Федерациясынын үлүшү 15% түзөт. Бул рынок географиялык жактан алыс болгонуна карабастан, сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогору болушу жана диаспоралык суроо-талап менен байланыштуу. Башка өлкөлөрдүн үлүшү 10%ды түзөт, бул Кыргызстандын күрүч экспорту азырынча чектелген географиялык рынокко багытталганын көрсөтөт. Бул суроо-талаптар ал өлкөдө эмгектенип жүргөн кыргыз жарандары жана этникалык кыргыздар менен байланыштуу.

Жалпысынан, анализден көрүнгөндөй, Өзгөн күрүчүнүн экспорттук структурасы регионалдык концентрацияга ээ болуп, негизинен жакын жайгашкан мамлекеттерге багытталган. Бул Кыргыз Республикасынын агрардык экспортунун регионалдык интеграциялык мүнөзүн чагылдырат.


2-таблица. Экспорттун динамикасы

| **Жыл** | **Экспорт көлөмү (тонна)** | **Наркы ($)** |
|---|---|---|
| 2021 | 1 200 | 900 000 |

| | | |
|---|---|---|
| 2022 | 1 350 | 950 000 |
| 2023 | 1 500 | 1 100 000 |
| 2024 | 1 700 | 1 300 000 |

Улуттук статистиканын расмий маалыматтарына ылайык 2-таблицада 2021-2024-жылдар аралыгында Өзгөн күрүчүнүн экспорт көлөмү жана акчалай наркы көрсөтүлгөн. 2021-жылы экспорт көлөмү 1200 тоннаны түзүп, жалпы наркы 900 миң АКШ долларына барабар болгон. Кийинки жылдары экспорттук көрсөткүчтөрдүн туруктуу өсүшү байкалган: 2022-жылы көлөм 1350 тоннага чейин жогорулап, 2022-жылы 1500 тонна деңгээлине жеткен. 2023-жылы болсо экспорт 1700 тонна болуп, изилденген мезгил ичиндеги эң жогорку көрсөткүчтү көрсөткөн. Экспорттун структурасын талдоодо көрсөткөндөй, кыргызстандык күрүч региондук соодага интеграцияланган, бирок ири өндүрүүчү – Өзбекстан тарабынан катуу атаандаштыкка туш болууда.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, Өзгөн күрүчүнүн өндүрүшү жана экспорту Кыргыз Республикасынын агрардык секторунда экономикалык диверсификациянын маанилүү фактору болуп эсептелет. Диверсификация процесси айыл чарба тармагында бир гана салттуу өндүрүшкө көз карандылыкты азайтып, кошумча киреше булактарын түзүүгө багытталган. Бул продукт жогорку сапаттагы жана рынокто таанылган продукция катары ички жана тышкы рыноктордо туруктуу суроо-талапка ээ болоору талашсыз. Өз кезегинде айыл чарба өндүрүшүнүн структурасын кеңейтүүгө, ошондой эле экспорттук багыттарды диверсификациялоого шарт түзүп ички дүң продукциянын көрсөткүчүн жогорулатуу ыктымалдуулугу да бар.




1-сүрөт. Экономикалык диверсификация

1-сүрөттө байкалгандай агрардык сектордо эң жогорку үлүштү күрүч өндүрүшү түзүп, 40%ды ээлейт. Жашылча продукциясынын үлүшү 25%ды түзүп, айыл чарба өндүрүшүндө маанилүү орунду ээлейт. Бул тармак ички рынокту камсыздоодо жана аймактык азык-түлүк коопсуздугун сактоодо чоң роль ойнойт. Ал эми мал чарба багыты 40% үлүш менен үчүнчү орунда турат. Бул көрсөткүч айыл чарба

структурасында диверсификация бар экенин көрсөтөт, анткени өсүмдүк өстүрүү менен катар мал чарбачылыгы да өнүккөн. Башка тармактардын (15%) болушу агрардык сектордун көп тармактуулугун билдирет. Бул диверсификация экономикалык туруктуулукту жогорулатууга, рыноктук тобокелдиктерди азайтууга жана киреше булактарын кеңейтүүгө шарт түзөт. Жалпысынан алганда, структурада күрүч басымдуулук кылганы менен, башка тармактардын да олуттуу үлүшкө ээ болушу агрардык сектордо диверсификация процесси жүрүп жатканын көрсөтөт. Бул өз кезегинде региондук экономиканын туруктуу өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет.

ЕАЭБдин артыкчылыктары менен катар, айрым чектөөлөр дагы бар. 2026-жылдын март айында Кыргызстандын Министрлер Кабинети айыл чарба жаныбарларын (ири мүйүздүү малды, жылкыларды, койлорду жана эчкилерди) жана продукцияларынын айрым түрлөрүнө өлкөнүн аймагынан ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салынганы маалым. Бул чечимдин негизги максаты өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана ички базардагы бааларды турукташтыруу болуп саналат.

Кыргызстандын ЕАЭБ өлкөлөрү менен соодасында экспорттун импорттон артта калышы дагы көйгөй бойдон калууда. 2024-жылы экспорт 1,69 миллиард долларды түзсө, импорт 3,81 миллиард долларды түзгөн. Бул көрсөткүч соода балансындагы дисбалансты көрсөтүп турат.Бул чектөөлөрдүн натыйжасында Кыргызстандын жалпы экспорту кескин төмөндөгөн. 2026-жылдын январь-февраль айларында экспорттук жеткирүүлөр 12,5% азайып, көлөмү 306 миллион долларды гана түзгөн. Өлкөнүн жалпы товар жүгүртүүсүндө экспорттун үлүшү 14,6% гана түзүп, импортко көз карандылык жогору бойдон калууда

*Региондук соодадагы ролу:*


Өлкөнүн түндүк бөлүгүнүн дээрлик көпчүлүгү, түштүк бөлүгү күрүчтүн ак сортун көбүрөөк керектешет. Ал эми бул сорт ири өлчөмдө Өзбекстанда жана өлкөбүздүн Баткен жана Жалал-Абад аймактарында өстүрүлөт. Баткен жана Жалал-Абад аймактарында өндүрүлгөн күрүчтүн көлөмү өлкөдөгү суроо-талапты толугу менен камсыздай албайт, суроо-талапты камсыздоо үчүн жардамга коңшу өлкөнүн төмөн баадагы күрүчтөрү рынокто бат эле өз ордун таап алгандыгында. Кыргызстан Борбордук Азиянын алкагында күрүчтүн нетто-импортёру болуп саналат. Салыштыруу үчүн, 2025-жылдын 11 айында гана Өзбекстан 14,8 миң тонна күрүч экспорттогон, анын 2,4 миң тоннасы (болжол менен 16%) такыр Кыргызстанга жеткирилген. Бул ички өндүрүш (өскөнүнө карабастан) рыноктун муктаждыктарын али толук канааттандыра электигин жана Өзгөн күрүчү өлкө ичинде Өзбекстандык күрүчтүн аналогдору менен атаандашарын көрсөтөт. Импорт болуп келинген күрүч базарда ата мекендик өндүрүштүн баасынан төмөн келип, суроо-талаптын жогорулашына алып келүүдө. Ал эми биз сөз кылып жаткан Өзгөн күрүчү региондо ак күрүчтөй суроо-талапка ээ эмес, себеби бул күрүч кызгылт түстө болуп, калориясы жактан да башка күрүчтөрдүн сортундай аз болбойт. Ошондой болсо да өлкөнүн бардык аймактарында өзүнүн керектөөчүлөрү бар.

Бул күрүчтүн өзгөчө өндүрүү жолу Өзгөн аймагына таандык, жергиликтүү элдин айтымында бул азыктын, тарыхы эки миң жылдай мурун башталган. Бул аймакка күрүчтү алгач Кытайдан көчүп келгендер алып келишкен деп айтылат.

*Эсепке алуунун өзгөчөлүктөрү*

Кылымдар бою Өзгөн аймагында күрүч өстүрүүнүн байыркы салттары сакталып келген. Жергиликтүү дыйкандар дагы эле эски ыкмаларды колдонушат, мисалы, түшүмдү кол менен жыйноо, дымдоо, атайын суу тегирмендеринде тазалоо. Өзгөн күрүчү "девзира" (котормосу "укмуштуу дан") деген ат менен да белгилүү жана ал дайыма эң кымбат сорттордун бири болуп эсептелген бул күрүчтү бир кездерде «Чыгыштын кызыл бермети» деп да аталган бул өзгөчө дан азыгынын чыгымдарын эсепке алуу да оңой эмес.

Күрүчтү өндүрүүдө, эсепке алуунун өзгөчөлүктөрү катары чыгымдардын сезондуулугу, түшүмдү эсепке алуу, түшүмдүүлүктү анализдөө, сорттук эсепке алуу, өндүрүштүк этаптар боюнча эсепке алуу (урук чыгымдары, себүү аянттары, сугаруу, жер семирткичтер, отоо чөптөр каршы каражаттарды алуу, түшүм жыйноо чыгымдары, күрүчтү бастырып, данды алуу процесси), түшүмдүн сапатын эсепке алуу (дандын узундугу, дандын бүтүндүгү, кайра иштетүү сапаты), сатуу каналдарын эсепке алуу (өндүрүүчүдөн керектөөчүгө чейинки жолду документтештирүү, накталай акча менен жүргүзүлгөн соодаларды эсепке алуу, коомдук тамактануу ишканаларында күрүчтүн сарпталышын аналитикалык эсепке алуу), чен-өлчөө бирдиктерин стандаштыруу. Күрүч өндүрүүдөгү эсепке алуу атайын ыкмаларды талап кылат. Алар: түшүмдүүлүктү так аныктоо, сорттук өзгөчөлүктөрдү чагылдыруу, өндүрүштүн бардык этаптарынын чыгымдарын өзүнчө эсептөө, ошондой эле бейрасмий сатуу каналдарында да продукциянын кыймылын көзөмөлдөө. Бейрасмий каналдарда продукциянын көлөмү эсепке алынбай же толук эмес көлөмдө катталат. Бул талаптардын аткарылышы күрүч чарбаларынын реалдуу рентабелдүүлүгүн аныктоого жана салыктык тобокелдиктерди азайтууга мүмкүндүк берет.




2-сүрөт. Күрүч өндүрүшүндөгү чыгымдар

Бул диаграмма күрүч өндүрүшүндөгү чыгымдардын структурасын чагылдырат. Эң чоң үлүштү үрөнгө жумшалган каражаттар (25%) жана шалыны чогултуу маалындагы орокчулардын эмгек акылары (20%) түзөт, бул өндүрүш процесси эмгекке жана сапаттуу үрөнгө көз каранды экенин көрсөтөт. Ошондой эле күйүүчү май жана техникага кеткен чыгымдар (12,5%) айыл чарбада механизациянын маанилүүлүгүн айгинелейт. Жерди иштетүү жана жер семирткичтердин үлүшү жалпы чыгымдардын

25%ын түзүп, өндүрүштүн агротехникалык деңгээлин аныктайт. Ал эми сугаруу чыгымдары (7,5%) күрүч өстүрүүдө, суунун маанилүү ресурс экенин далилдейт. Жалпысынан, чыгымдардын мындай структурасы күрүч өндүрүшүнүн ресурска жана эмгекке багытталган тармак экенин көрсөтүп, чыгымдарды оптималдаштыруу аркылуу өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Чыгымдарды туура эсепке алуу, каражаттарды туура бөлүштүрүү бул тармакта иш алып барган ишкерлердин таза пайдасын жогорулатып, эффективдүү жумуш алып баруусун камсыздайт.

**Жыйынтык.** Изилдөөнүн негизинде Өзгөн күрүчүнүн экспорту жана анын регионалдык өзгөчөлүктөрү өлкөнүн агрардык секторунун маанилүү багыттарынын бири экендиги аныкталды. Бул продукт Кыргызстандын экономикасында маанилүү орунду ээлейт жана анын келечеги бар. Тармактын мындан аркы өнүгүшү төмөнкү факторлорго көз каранды: мамлекеттик колдоонун туруктуулугу, логистикалык борбордун ийгиликтүү ишке кириши, экспорттук рыноктордун диверсификациясы, дыйкан чарбаларынын технологиялык жактан заманбапташуусу. Бул факторлордун баары аткарылган учурда гана Өзгөн күрүчү өлкөнүн экономикасында өзүнүн стратегиялык ролун толук кандуу аткара алат.

Жыйынтыктап айтканда, Өзгөн күрүчү Кыргызстандын экономикасында өзгөчө орунду ээлейт. Бул бир гана айыл чарба продуктусу эмес, ал бүтүндөй бир аймактын, анын ичинде Өзгөн районунун тургундарынын турмуш-тиричилигинин негизи. Күрүч дыйкандар үчүн кирешенин булагы, жергиликтүү тургундар үчүн күнүмдүк тамак-аштын маанилүү бөлүгү, ал эми мамлекет үчүн азык-түлүк коопсуздугунун кепили. Азыркы учурда Өзгөн күрүчүнүн абалын эки тараптуу баалоого болот. Бир жагынан, өндүрүү көлөмү жылдан-жылга өсүп жатат, бул жакшы көрсөткүч. Дыйкандардын эмгеги текке кетпей, жерден мол түшүм алып жатышат. Мамлекет дагы бул тармакка көңүл буруп, колдоо көрсөтүүдө. Өзгөндө курулуп жаткан логистикалык борбор – ошонун ачык далили. Борбор ишке киргенден кийин, дыйкандар күрүчтү арзан баада чийки бойдон сатууга аргасыз болбой калышат. Алар аны кайра иштетип, таңгактап, түз эле экспорттой алышат. Бул алардын кирешесин бир нече эсеге көбөйтөт.

Талдоонун жыйынтыгында акыркы жылдары күрүчтүн өндүрүлүшү жана экспорттук көлөм туруктуу өсүү тенденциясына ээ болуп, агрардык сектордун жалпы өнүгүшүнө оң таасирин тийгизүүдө. Экспорттук структура негизинен регионалдык рынокторго багытталганына карабастан, эң чоң үлүштү Өзбекстан жана Казакстан сыяктуу жакын жайгашкан өлкөлөр ээлейт. Бул көрүнүш логистикалык артыкчылыктар, транспорттук чыгымдардын төмөндүгү жана чек ара соодасынын активдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Россия жана башка рыноктордун үлүшүнө салыштырмалуу азыраак болсо да, экспорттун географиясын кеңейтүү потенциалы бар экендиги байкалат.

А бирок Кыргызстан дагы эле сырттан күрүч алып келүүгө көз каранды. Казакстан, Өзбекстан, Индия, Пакистан сыяктуу өлкөлөрдөн келген күрүч жергиликтүү өндүрүүчүлөргө олуттуу атаандаштык түзүүдө. Анткени импорттук күрүч көп учурда арзан жана сапаты туруктуу. Бул абалда жергиликтүү дыйкандарга кармануу кыйын. Ошондой эле күрүчтүн баасына ар кандай факторлор – транспорттук чыгымдар, инфляция, салыктык өзгөрүүлөр, күйүүчү-майлоочу материалдардын баасы

– таасир этет. Бул туруксуздук дыйкандардын кирешесин алдын ала айтууну кыйындатат.

Келечекке келсек, Өзгөн күрүчүнүн алдында чоң мүмкүнчүлүктөр ачылып жатат. Биринчиден, Кытай рыногу. Кытай жыл сайын 5 миллион тоннадан ашуун күрүчтү импорттойт. Эгерде Кыргызстан ушул рыноктун бир аз бөлүгүнө ээ болсо, бул экономика үчүн чоң серпүү болмок. Экинчиден, коңшу өлкөлөр – Өзбекстан жана Казакстан дагы чоң рыноктор. Азыр бул өлкөлөрдөн Кыргызстанга күрүч келип жатат, бирок келечекте абал тескерисинче болуп, Кыргызстандын күрүчү ошол өлкөлөргө экспорттолушу мүмкүн. Үчүнчүдөн, дүйнөдө органикалык продукцияга суроо-талап өсүп жатат. Эгерде Өзгөн күрүчүн органикалык технология менен өстүрүүгө өтсө, анын баасы бир топ жогору болуп, чет өлкөлөрдүн рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү болуп калат.

Регионалдык өзгөчөлүктөр боюнча Өзгөн районунда өндүрүлгөн күрүчтүн өндүрүлүш сапаты жана бренддик мааниси менен айырмаланып, ички жана тышкы рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү продукция катары калыптанууда. Бирок экспорттун негизинен чектелген рынокторго багытталганы диверсификациянын жетишсиз деңгээлин көрсөтөт.

Жалпысынан, Өзгөн күрүчүнүн экспорту Кыргызстандын агрардык секторунда экономикалык диверсификациянын маанилүү элементи болуп саналат жана анын келечектеги өнүгүшү экспорттук рынокторду кеңейтүү, кайра иштетүү деңгээлин жогорулатуу жана логистикалык инфраструктураны жакшыртуу менен түздөн-түз байланыштуу. Жыйынтыктап айтканда: Өзгөн күрүчүнүн чыныгы экспорттук потенциалын ишке ашыруу үчүн бейрасмий сатуу каналдарын мыйзамдаштыруу, эсепке алуунун бирдиктүү стандартын киргизүү, сууну үнөмдөөчү технологияларды өнүктүрүү жана моноспециализациянын тобокелдиктерин азайтуу зарыл. Учурда бул продуктту өндүрүү чыгымдары пайданын жарымынан көбүн ээлеп келет.

Евразия экономикалык биримдиги Кыргызстандын агрардык секторунун өнүгүшүндө маанилүү роль ойнойт. Биримдиктин алкагындагы соода артыкчылыктары, тарифтик жеңилдиктер жана бирдиктүү техникалык регламенттер кыргызстандык айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө жаңы рынокторго чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Он жылдын ичинде Кыргызстандын ИДПсы (ички дүң продукциясы) 56,4% өсүп, айыл чарба продукциясын өндүрүү 1,5 эсеге көбөйдү. Биримдиктин алкагында Бириккен Аараб Эмирликтери сыяктуу жаңы өнөктөштөр менен байланыштарды өнүктүрүү, ошондой эле санариптештирүү жана инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу келечектеги негизги багыттар болуп саналат.

Бирок ЕАЭБ интеграциясынын оң жактары менен катар, бир катар кыйынчылыктар дагы бар. Кыргызстандын ЕАЭБ өлкөлөрү менен соодасында экспорттун импорттон артта калышы байкалууда – 2024-жылы экспорт 1,69 миллиард долларды түзсө, импорт 3,81 миллиард долларга жеткен. Бул соода балансындагы дисбалансты көрсөтүп, өлкөнүн агрардык экспортунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн мындан ары жогорулатуу зарылдыгын айгинелейт. Экспорттоого алты айлык убактылуу тыюу ички экономикалык туруктуулукту камсыздап, баанын бир деңгээлге келип алуусуна мүмкүндүк жаратканы менен бир топ кыйынчылыктарга да дуушар кылууда. Бул чара ички базардагы бааларды турукташтырууга багытталганы

менен, айыл чарба экспортунун көлөмүнө терс таасирин тийгизди. Ошондуктан, келечекте ЕАЭБ алкагында кыргызстандык продукциянын экспорттук потенциалын арттыруу үчүн кайра иштетүү тереңдигин жогорулатуу, продукциянын сапатын эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу жана экспорттук географияны кеңейтүү багыттарында системалуу иштерди жүргүзүү талап кылынат. Мал экспортуна тыюу салынган учурда, анын ордун күрүч экспорту менен толтуруу экспорттук кирешенин кескин төмөндөшүнө жол бербейт. Бул өлкөнүн соода балансын турукташтырууга өбөлгө болот. Күрүч экспортун өнүктүрүү аркылуу экспорттун структурасын ар тараптуу кылууга болот. Бул экономиканы алтын жана мал сыяктуу чектелген товарлардын экспортуна көз карандылыктан азайтат. Экспорттук структуранын диверсификациясы экономиканы сырткы шокторго туруктуураак кылат. Учурдагы экспорттук көлөмдү сактап калуу, негизинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттоо. Бул сценарийде мал экспортунун төмөндөшүн толугу менен толтуруу мүмкүн эмес, бирок кырдаалдын начарлашына жол бербейт.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Tasheva, G., Sabirkulova, T., Kydyralieva, B., Omurzakova, N., & Kaya, Y. (2022).
2. *An overview of rice production in Kyrgyzstan*. Frontiers in Life Sciences and Related Technologies, 3(2), 86–94.
3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. - https://www.stat.kg
4. Food and Agriculture Organization of the United Nations (FAO). Rice Market and Production Statistics. - https://www.fao.org
5. USDA Foreign Agricultural Service. Global Agricultural Information Network (GAIN): Kyrgyz Republic Grain and Rice Reports. - https://ipad.fas.usda.gov
6. Абдулложонова, А., & Артыкбаева, Ф. (2023). Проблемы продовольственной безопасности рынка Кыргызской Республики. Вестник Ошского государственного университета. Экономика, (2(3), 26–34. https://doi.org/10.52754/16948734_2023_2(3)_5
7. Кыргыз Республикасынын Инвестиция министрлиги. - https://invest.gov.kg
8. Кыргызстандын агрардык сектору боюнча аналитикалык баяндамалар. - Бишкек, 2023.
9. Регионалдык айыл чарба жана экспорттук саясат боюнча илимий макалалар жыйнагы. - Бишкек, 2022. - http://www.dergipark.org.tr/en/pub/flsrt
10. Евразийская экономическая комиссия. Внешняя торговля сельскохозяйственной продукцией. - https://eec.eaeunion.org
11. “Агрардык экономика жана өнүгүү” илимий журналы. Борбор Азияда күрүч өндүрүшү. - 2022.
12. Борбор Азиядагы регионалдык айыл чарба изилдөөлөрү. Кыргыз күрүчүнүн экспорттук потенциалы. - 2023.
13. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги. Айыл чарба продукциялары боюнча жылдык отчет. – Бишкек, 2023.
14. Улуттук статистика комитети. Аймактар боюнча айыл чарба көрсөткүчтөрү. – Бишкек, 2022.

15. FAO (Food and Agriculture Organization). Rice Market Monitor. – Rome, 2023.
16. World Bank. Agricultural Development in Central Asia. – Washington, 2022.
17. OECD. Agricultural Policy Monitoring and Evaluation. – Paris, 2023.
18. Евразийская экономическая комиссия. Внешняя и взаимная торговля государств – членов ЕАЭС. – Москва, 2023.
19. Евразийский экономический союз (ЕАЭС). Статистика сельского хозяйства и аграрного рынка. – Москва, 2022.
20. World Trade Organization (WTO). World Trade Statistical Review. – Geneva, 2023.
21. UN Comtrade Database. International Trade Statistics. – United Nations, 2023.